**УДК 371.262 DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.389**

# СИСТЕМАЛУУ КАБЫЛДОО МЕНЕН КАЙТАЛООДОГУ МАЗМУНДУУ ЖАЛПЫЛАШТЫРУУНУН ПСИХОЛОГИЯЛЫК - ДИДАКТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨ ЫКМАЛАРЫ

Алиева Жаркынай Анарбаевна – окутуучу ОшМПУ
ORCID-0009-0008-5566-9277 ILIMBEK 9471@mail.ru

**Аннотация**

Окутуу процессинде билимди өздөштүрүүнүн, аны узак мөөнөткө сактоонун жана эффективдүү колдонуунун негизги факторлорунун бири – бул системалуу кабыл алуу жана мазмундуу кайталоо. Педагогикалык психологияда билимди терең өздөштүрүү үчүн материалды структуралык түрдө кабыл алуу жана логикалык ырааттуулукта кайра кайталоо зарылдыгы белгиленет. Системалуу кабыл алуу жана кайталоо – бул эки ажырагыс процесс. Кабыл алынган билим структуралуу жана логикалык система түрүндө берилсе, кайталоо анын түшүнүктүүлүгүн жана узак убакытка эс тутумда сакталышын камсыз кылат. Натыйжалуу окутууда бул эки компонент бири-бирине шайкеш, максаттуу жана методикалык негизде колдонулушу керек. Системалуулук — бул материалды бирдиктүү, этап-этабы менен, жалпыдан жекеге же тескерисинче, жекеден жалпыга өтүү жолу менен берүү дегенди түшүндүрөт. Бул макалада системалуу кабылдоо менен кайталоодогу мазмундуу жалпылаштыруунун психологиялык- дидактикалык өзгөчө ыкмалары берилген.

**Ачкыч сөздөр:** системалуу кабылдоо, системалуу кайталоо, мазмундуу жалпылаштыруу, психологиялык- дидактикалык, дифференциялоо ыкмасы, акыл- ой, тоголоктоо, чыйралтуу.

# ПСИХОЛОГО – ДИДАКТИЧЕСКИЕ ОСОБЫЕ МЕТОДЫ СОДЕРЖАТЕЛЬНОЕ ОБОБЩЕНИЯ В СИСТЕМНОМ ВОСПРИЯТИИ И ПОВТОРЕНИИ

Алиева Жаркынай Анарбаевна преподаватель ОшГПУ
ILIMBEK 9471@mail.ru

**Аннотация**

Одним из ключевых факторов усвоения, долговременного сохранения и эффективного использования знаний в процессе обучения является систематическое восприятие и осмысленное повторение. Педагогическая психология подчёркивает необходимость структурированного восприятия материала и повторения в логической последовательности для глубокого усвоения знаний. Систематическое восприятие и повторение — два неразрывных процесса. Если полученные знания представлены в структурированной и логичной системе, повторение обеспечивает их понятность и долговременное сохранение в памяти. Для эффективного обучения эти два компонента должны использоваться последовательно, целенаправленно и методично. Системность подразумевает изложение материала в едином, поэтапном порядке, от общего к частному или наоборот, от частного к общему. В статье представлены конкретные психолого-дидактические приёмы содержательного обобщения при систематическом восприятии и повторении.

Ключевые слова: системное восприятие, систематическое повторение, содержательное обобщение, психолого-дидактический, дифференцированный метод, мышление, перекатывание, скручивание.

# PSYCHOLOGICAL-DIDACTIC SPECIAL METHODS OF CONTENT GENERALIZATION IN SYSTEMATIC RECOGNITION AND REPETITION

Alieva Zharkynai Anarbaevna, teacher Osh State Pedagogical University
ILIMBEK 9471@mail.ru

**Annotation**

One of the key factors in the acquisition, long-term retention, and effective use of knowledge in the learning process is systematic perception and meaningful repetition. Pedagogical psychology emphasizes the need for structured perception of material and repetition in a logical sequence for deep assimilation of knowledge. Systematic perception and repetition are two

inseparable processes. If the received knowledge is presented in a structured and logical system, repetition ensures its intelligibility and long-term retention in memory. In effective learning, these two components must be used in a consistent, purposeful, and methodical manner. Systematicity means presenting the material in a unified, step-by-step manner, from the general to the specific or vice versa, from the specific to the general. This article presents specific psychological and didactic methods of meaningful generalization in systematic perception and repetition.

Keywords: systematic perception, systematic repetition, meaningful generalization, psychological-didactic, differentiation method, thinking, rolling, twisting.

Кабыл алуу – бул сезим органдары аркылуу чөйрөдөгү объекттерди жана кубулуштарды таанып-билүү процесси. Психологиялык жактан алганда, бул процесс интуитивдик кабылдоодон аналитикалык түшүнүүгө чейинки бир нече этаптан турат. Л.С. Выготский билим берүүдө кабыл алууну социалдык жана маданий чөйрө менен байланышкан активдүү процесс катары сыпаттайт. Анын пикиринде, окуучу билимди жөн гана сырттан кабыл албастан, аны өзүнүн тажрыйбасы жана аң-сезими аркылуу кайра иштеп чыгат (Выготский, 1983). А.Н. Леонтьев болсо кабыл алуу ишмердүүлүккө негизделет деп белгилейт. Анын ишмердүүлүк теориясы боюнча, окутууда кабыл алуу жигердүү аракеттер аркылуу жүзөгө ашат жана ал максатка, мотивге, аракетке байланышкан бирдиктүү система катары каралат (Леонтьев, 1975).

Кайталоо – бул билимди узак мөөнөттүү эс тутумга бекем орнотуунун маанилүү механизми. Алгачкы стадияда алынган маалыматтар унутулуп калбашы үчүн дидактикалык негизде кайталоону туура уюштуруу зарыл. Бул тууралуу П.Я. Гальпериндин кадамдык окутуу теориясы өзгөчө мааниге ээ. Анын пикиринде, билимди өздөштүрүү алды менен аң-сезимдүү аракеттерди түзүүнү, андан кийин гана автоматташтырууну талап кылат (Гальперин, 1985). Кайталоо бул процессте аракетти бекемдөөнүн куралы катары колдонулат. Мазмундуу жалпылаштыруу билим берүү процессинде окуучунун түшүнүгүнө таасир этүүчү маанилүү этап. Бул этапта психологиялык механизмдер менен дидактикалык ыкмаларды айкалыштыруу билимди бекем өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт. Ошондуктан, окутууда өзгөчө ассоциация жана аналогия аркылуу жалпылоо ыкмалары натыйжалуу болуп саналат. Психологиялык жактан алганда, адам жаңы билимди мурунку тажрыйбага таянып кабыл алат. Мисалы, окуучуга «электр тогу суу агымына окшош» деген аналогия аркылуу электр энергиясынын өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү материалды жеңилдетет. Билим берүү процессинде мазмундуу жалпылаштыруу — бул жаңы алынган билимди мурдагы билим менен байланыштырып, жалпысынан түшүнүк, мыйзам ченем жана принциптер түрүндө системалаштыруу. Жалпылаштыруу окуучунун аң-сезимдүү билим өздөштүрүүсүн камсыздап, логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрөт.

Ар түрдүү денгээлде мурда кабылданган билимдердин сапаттуу негиздерин кайталап эске түшүрүүдө өзгөчө жана маанилүү кайталоонун пайдасы жана анын ролу зор. Себеби, мурда жетиштүү деңгээлде жана сапатта түшүнүп кабылданган билимдерди өз алдынча эске түшүрүү угуучуга, же окуучуга, кээде студентке деле татаал жана кыйын. Ал эми окутуучу үчүн педагогикалык жактан кабылданган билимди кайталоону уюштура билүү жоопкерчиликтүү жана максаттуу болуусу абзел. Окутуу процесси үчүн мурда кабылданган билимдерди кайрадан эске түшүрүүнүн дидактикалык, көбүнчө субьективдүү татаалдыктары бар. Ошон үчүн, мурда кабылданган билимдерди кайрадан сапаттуу эске түшүрүүдө механикалык түрдө кайталоого караганда, тиешелүү ой жүгүртүп мурда кабылданган билимди кайталоо жемиштүүрөөк болот. Мында эске түшүрө билүүнү жаны денгээлде көтөрүүчү белгилер төмөндөгүлөр: эске түшүрүүнүн «багыттоочу үлгүлөрүн» түзө билүүгө умтулууда, билимдүү кабылдоочу субьектке акыл-ой жүгүртүүнүн сапаттуу белгилерин билимди кабылдоочунун өзүндө жекече түзө алууну үйрөтүү дидактикалык жактан орчундуу орунда турат. Мисалы, мурда кабылданган билимди эске түшүрүүдө колдонулуучу төмөндөгүдөй жаңы, сапаттуу негизде колдонулуучу маанилүү кайталоонун психологиялык - дидактикалык белгилерин көрсөтсө болот.

1. Билимди толук жана мазмундуу кайрадан эске түшүрбөстөн туруп, окутуу жана кайталоо материалдарын жалпы жонунан деталдаштырып алып, анан маңыздуу бөлүктөргө бөлбөстөн эле кайталап чыгуу (мисалы, үстүртөн эле эки-үч жолу окуп жана кайталап чыгуу).

2. Кайталанып жаткан окуу материалын майда-чүйдөсүнө чейин тактап жана анализдеп, керек болсо майдалап деталдаштырып, аларды өзөктүү маңызда бөлүштүрүп, анан кайрадан эле ошону маанилери боюнча синтездеп кайталап чыгуу. Мында билимди кабылдап жаткан субьект тарабынан өзөктүү, маңыздуу жана маанилүү эске түшүрүп бүтүү, ошон үчүн мында кайталоонун окутуу процессинде оң сапаттагы ролу өсөт. Бул учурда кайталоонун орто жеринде же кээ бир аралыгында эске түшүрө билүүнүн сапатын субьективдүү түрдө өз алдынча текшерип алса болот, ал дурус болсо гана бул процессти андан ары дагы кайталоону уланткан педагогикалык жактан максаттуу болот.

3. Мурда кабылданган билимдерди эске түшүрүүдө коюлуучу негизги психологиялык - дидактикалык талаптарды максаттуу системалаштырып жана жалпылаштырып, кайталоодо кайталануучу материалды маанилүү дифференциялоо ыкмасы дагы окуу процессинде өзүнүн оң жыйынтыгын бере алат [4].

Ошентип, мурда ар кандай сапатта жана денгээлде кабылданган билимдерди эске түшүрө билүүдө, маанилүү жалпылаштыруу жана өзүктүү системалаштыруу чон роль ойноп, баары бир ар кандай кабылданган информацияны кайрадан жаны маани-маңызда психолого-дидактикалык негизде эске түшүрө билүү, өзүнчө педагогикалык жаңы ыкма катары ан сезимдүү субьектин акыл-ой жүгүртө билүү деңгээлинин сапатынан жана эске түшүрө алуу мүнөзүнөн сөзсүз көз каранды болот. Так ушул жерде, мурда кабылданган билимди маанилүү жана максаттуу кайталоо үчүн советтик белгилүү психолог жана врач П. Я. Гальперин тарабынан негизделген «Акыл-ой аракеттерди этаптар аркылуу калыптандыруу» - деген белгилүү психологиялык концепциянын негизги жыйынтыктардын окутуу процессинде туура колдоно билүү жакшы дидактикалык жыйынтыктарды берээрин эскерте кетет элек [3].

Билимди кабылдоочу субьектин максаттуу жана жыйынтыктуу этаптар аркылуу калыптануучу акыл-ой аракети катары бул окумуштуу жекече окуучунун, угуучунун же студенттин үйрөнүүчү акыл-ой аракети катары деп керектелүүчү психологиялык негиздеги акыл-ой үлгүсүн жана натыйжалуу продуктаны пайда кылуучу ой жүгүртө "билүү аракети" гана болот деген. Ошондой эле ал окумуштуу дагы бир билимдердин сапаттуу негиздердин калыптандыруу процессинде колдонула турган анын өзгөчө психолого-дидактикалык негиздерин түзө билүүнү педагогдорго сунуш кылган. Ал өзү психолог жана врач катары белгилегендей, билимди кабылдоочу субьект-угуучу, окуучу же студент кабылдоочу билим катары үйрөнө турган акыл-ой аракеттери теги боюнча обьективдүү процесс болуп, анын үлгүлөрү дайыма дидактикалык сапаттуу негизде жана денгээлде алдын ала берилүүсү абзел. Маанилүү кайталоодо өзөктүү кайталануучу билимдердин ушундай так системалаштырылган жана жалпылаштырылган үлгүлөрүнүн комплексин түзүү зарыл. Билимди тууроо менен чагылтып кабылдоо, же өзөктүү кайталоо. жана анын сез менен бекемдеп маңыздуу кайталап чыгуунун баары тең эле акыл-ой аракеттин үлгүлөрү катары боло алат. Демек билимди кабылдоо дагы, кайталоо дагы, бир эле маанидеги билимдерди эки түрдөгү психологиялык - дидактикалык ыкма менен ан-сезимге сиңирүү болот экен. Педагогикалык процессте буларды сапаттуу дидактикалык денгээлде түзө билүү окутуунун акыркы жыйынтыгы үчүн жакшы натыйжаны берет. Психологиялык - дидактикалык өзгөчө ыкмаларды билим берүү процессинде натыйжалуу колдонуу үчүн мугалим материалды гана эмес, окутуунун логикасын, этаптарын жана окуучунун психологиялык өзгөчөлүктөрүн да эске алышы зарыл. Бул бөлүмдө сабактарды пландаштыруу жана өткөрүү боюнча бир нече практикалык ыкмаларды сунуштайбыз.

1. **Мисалдан эрежеге өтүү (индукция)** – сабакты практикалык мисалдан баштап, окуучунун өз алдынча жыйынтык чыгаруусуна мүмкүнчүлүк түзүңүз.
2. **Өз ара байланыштарды көрсөтүү** – жаңы тема менен мурда өтүлгөн теманын ортосунда логикалык байланыш түзүп бериңиз.

3. **Материалды этап-этабы менен берүү** – маалыматты бөлүп, кичи темалар аркылуу берүү эс тутумга жеңил сиңет.

*Мисалы*: Математика сабагында "квадраттык теңдемелерди" окутууда мугалим адегенде график түрүндө түшүндүрүп, андан кийин формулаларга өтөт. Бул ыкма аркылуу окуучу мазмунду логикалык түзүлүштө кабыл алат.

Мурда кабылданган билимди эске түшүрүүдө, маанилүү жалпылаштырууну туура психолго-дидактикалык мүнөздө уюштура билүү үчүн, ар бир профессионал педагогдун педагогикалык процесске биз жогоруда көрсөткөн белгилүү психологиялык концепсиясынын жыйынтыктарын маңыздуу колдоно билүүсү зарыл. Мында биринчи кезекте маңыздуу кайталоо учурунда натыйжалуу керек болуучу, көпчүлүк учурда биз жогоруда көрсөтүп өткөн психологиялык "Акыл-ой аракеттерди этаптар аркылуу калыптандыруу" деген концепциянын өзгөчө жыйынтыгы болуп акыл-ой арактти "интериоризациялоо" болот. Ал деген сөз жумшак негиз боюнча айтканда формасы жагынан заттык болгон, сырткы материалдык кабылдануучу билимдик-дидактикалык процесстер жыйынтыгында акыл-ой аракеттердин этапттуу калыптанышы боюнча билимди кабылдоочу субьектин акыл ой-сезимдеринин спецификалык калыптанышы.

Демек, жаңыдан кабылдануучу же кайрадан маанилүү кайталануучу билимдердин өзөктүү жана маңыздуу жалпылынган, системалашкан, негизде жана кыскартылган, б.а. өзөктүү "тоголоктонгон" вербалдуу бөлүктөрү интериоризатцияланат. Психологиялык "интериоризация" түшүнүгүн алгач француз психологу Ж. Пиаже, советтик психологдордон Л. С. Выготский жана А. Н. Леонтьевдер өздөштүрүп терең изилдешкен [2].

Ал эми биз болсо, өзгөчө мурда кабылданган билимдерди өзөктүү кайталоодо интериоризациянын ролу өтө чоң деп айта алабыз. Анткени өзөктүү, маанилүү жалпылаштырылган жана маңыздуу системалаштырылган билимдерди кыска жана мазмундуу өзөккө ээ болгон "тоголоктоо" ыкмасы аркылуу жогорудагы психологиялык концепциянын алты этабы боюнча маңыздуу толук мааниде кайталап чыгуу, билимди кабылдоочу субьектин ан-сезиминде аларды калыптандырып, кайрадан билимдерди субьективдүү формада "чыйралтып" чыкса алса болот деп эсептейбиз. Ал этаптар төмөнкүдөй түрдө болот деп болжолдуу белгилөөгө кесипкөйлүк негиз бар.

I. Окуучуга, угуучуга же студентке билимдерди негизинен алгач жөнөкөй дидактикалык ыкма менен жалпы жонунан жалпылашкан ирээтте тааныштыруу (зарыл болгон кабылдоолорго үчүн өзүнчө мотивация түзүү. Кабылдоочу субьектин аң-сезимин билимди сиңирүүгө даярдоо).

II. Билимди кабылдоо үчүн акыл-ой жүгүртүүнүн схемалуу түргө ээ болуучу багыттоочу аракеттеринин негиздерин (БАНДЫ) пайда кылуу.

III. Акыл-ой аракеттердин ар түркүн материалдык (же формулалар, таблицалар жана матрицалар тибинде көрсөтүлүүчү түрлөрүн билимди кабылдоочу тарабынан өз алдынча аткартуу. Бул учурда моделдер, схемалар, формулалар, матрицалар жана сигналдык чиймелердин, таяныч бөлүктөрүнүн жардамы менен практикалык аракеттер аткарылат.

IV. Материалдык же материалдашкан дидиактикалык каражаттарды колдонбостон, билимди кабылдоочу субьект билимдерди акырын үн чыгарып же жазып, көбүнчө өз алдынча "күбүрөп" кабылдоо же кайталоо зарыл. Кээ бир алгач окутулуучу же кайталануучу материлдар үн чыгарбастан аткарылышы дагы мүмкүн.

V. Билимди алгач кабылдоодо же маанилүү кайталоодо "Акыл-ойдун жекече аракеттерин сыртка үн чыгарып өзүнчө айтып берүү" этабы. Кабылдоодогу мындай акыл-ой аракет акырындап жекече автоматтык түргө айланат.

VI. Билимдерди өзөктүү, мазмундуу кабылдоону же маанилүү "тоголоктоо" ыкмасы менен кайталоону ишке ашыруучу акыл-ой аракеттерди субьектин ички сезимине, б.а. акыл-ой башатына жеткирүү. Бул акыркы этап. Демек, адамдык аң-сезим жүрөктөн, акыл-ой аракет болсо инсандык жекече сезимдик жана акылдык башаттан болот. Ошон үчүн сезим менен акылды толкундаткан денгээлде билимдердин негизин кабылдоо же кайталоо зарыл. Мындай

психолого-дидактикалык концепциянын негизги жоболору жөнөкөй, жатык же жалпак кыргыз тилинин маанисинде түшүндүргөнүбүздө, ал төмөндөгүдөй негизге ээ болот [2].

Ар кандай билим ал татаалбы же жеңилби (табигый-математикалык билимби же гуманитардык билимби, баары бир) эн алгач адамдын акылына жана ой-жүгүртүү сезимине синиши зарыл. Ошондо гана ал билим нукура кабылданган же сезимдүү кайталанган билим түрүнө ээ болот. Ал эми акыл менен сезим адамдын дилинин негизи. Жаш адамда сезим менен акылды толкундаткан ички ойду камтыган энергияны же сезимдүү күчтү гана акыл ойдо калыптанган билим деп айтса болот. Бирок ал билимди кабылдоочу субьектин жекече "эргүү" денгээлинде билим кабылдоосуна жетпейт, себеби чыгармачылык денгээлдеги билимди кабылдоо сапатына ал али жете элек. Жаш адамдын сезими менен акыл-ой аракети кайсы жакка жана кандай өнүткө бурулуп, кайда жана кантип умтулуп жатканын-ушулардын баарын билимди туура калыптандырууда кесипкөй педагогдун байкоосу кажет. Ал эми жаш инсандын мээсинин ишмердүүлүгү менен жүрөгүндөгү сезимди бириктирген-бул экинчи сигналдык система же тил менен калыптанган дил. Адам ойлонсо, сүйлөсө, ырдаса ж.б. билимди нукура кабылдай алса, анда булардын баары 85-90% көз жана тил аркылуу гана ишке ашат. Ошону үчүн билимдердин негиздерин кабылдоодо же кайталоодо жаш адамдын сезимин, акылын жана тили менен дилин козгой алсак же эргите билсек, ошондо гана нукура сиңирилген билим жөнүндө сөз болот. Жогоруда биз белгилеген психолого-дидиактикалык концепциянын үлгүлүү жоболору так ушуларга негизделген. Демек билимди системалуу кайталоодо аны мазмундуу жалпылаштыруу сөзсүз керек болот деген жыйынтыкка келебиз.

**Корутунду**

Системалуу кабыл алуу, мазмундуу кайталоо жана жалпылаштыруу билим берүү процессинин маанилүү элементтери болуп саналат. Бул процесстерди психолого-дидактикалык негизде уюштуруу окуучунун билимди терең түшүнүүсүнө, логикалык ой жүгүртүүсүнө жана узак мөөнөткө сакташына өбөлгө түзөт. Изилдөөдө системалуу кабыл алуунун негизинде материалды структуралык, максаттуу түрдө берүү зарыл экени, ал эми мазмундуу жалпылаштырууда аналитикалык ой жүгүртүү менен логикалык түзүлүштүн мааниси чоң экени аныкталды. Психолого-дидактикалык өзгөчө ыкмалар – аналогия, визуализация, рефлексия, метакогнитивдик көндүмдөр – билимди өздөштүрүүнү тереңдетип, окутуунун сапатын жогорулатат. Практикалык сунуштар аркылуу окутууну конкреттүү кадамдар менен уюштуруу жолдору көрсөтүлүп, мугалимдерге методикалык колдоо берилип жатат. Бул макалада сунушталган теориялык жана практикалык негиздер билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде колдонула турган баалуу ресурстар болуп саналат.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР**

1. Возрастные возможности усвоения знаний (Под. ред. Д. В. Эльконина В. В. Давыдова М., "Просвещение"., 1986.)
2. Выготский Л. С. Мышление и речь. Изб. Псих. Исследов. Изд. АПН РСФСР, М., 1966.
3. Гальперин П. Я. Развитие исселедований по формированию умственных действый. Психологическая наука в СССР. Т.1., М., 1969.
4. Занков Л. В. Память и мышление и учебной деятельности школьников. "Сов. педагогика", 1969. №10.
5. Развитие психофиологических функций взрослых людей. (средняя взрослость). Под. ред. В. Г. Ананьева, Е. И. Степановой. М., "Педагогика", 1977.
6. Рубинштейн С. Л. Проблемы общей психологии. М., "Педагогика", 1973.
7. Педагогика и психология. Новое в жизни. Науке и технике. №1-12. 1984-92.
8. Қалыбаев, А. (2020). *Окутуунун психологиялык-дидактикалык негиздери*. Бишкек: КР Илимдер академиясы.